**С.Жоошбаев атындагы Баш-Карасуу жбб орто мектебинин**

**«Так илимдер» усулдук бирикменин отурумунун протоколу**

**Протокол № 1**

28.08.2022-ж.

Баш-Карасуу айылы Катышкандар : 16

Каралуучу маселе:

**1.Мектептик компонентти тандоо жөнүндө:**

Сөз сүйлөгөндөр: УБ нин башчысы Иманова Бактыгул Сооронбаевна

2022-2023-окуу жылындагы мектептик компонентти мен математика сабагына сунуштайт элем.5-8-класстарга кошумча 1 сааттан кошулат. Азыркы учурда логикалык жактан суроолор көп болгондуктан,окуучулар кичине кыйналып калып жатышат.Математика сабагы абдан керектүү деп ойлойм.Менин сунушум математика сабагына көбүрөөк басым жасасак болот эле.

Сөз сүйлөгөндөр: Физика мугалими Кебекчиева Мирзада Калыбековна

Физика сабагынан да кошумса саат керек .Бул сабак да абдан маанилүү,жашоодо керектүү нерселерди ала алышмак.Физика сабагынын сааты азыраак болгондуктан,8-класска 1 саат кошуп берүүңүздөрдү суранат элем.

Сөз сүйлөгөндөр: Математика мугалими Жунушбекова Бурулсун Рашбековна

5-8-класстардын математика сабагына көңүл буруу керек.Математика сабагынан окуучулардын билим денгээлин көртөрүүгө,логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүүгө,эс тутумун жакшыртууга кошумча сабактар керек.Мен математика сабагын сунуштайт элем.

Чечим: Жогорудагы маселе талкууланып,усулдук бирикме чечим чыгарды.

Чечим:

1.2022-2023-окуу жылындагы мектептик компоненттеги 5-8-класстардагы кошумча сааттар математика предметине бекитилсин.

Чогулуштун төрайымы: Рыспаева Ч.К

Катчысы : Иманова Б.С.

## С.Жоошбаев атындагы Баш-Карасуу жбб орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы 8-классынын ата-энелеринин чогулушунун протоколу

### Протокол №2

Баш-Карасуу айылы 29.08.2022-ж.

Каралуучу маселе: Катышкандар: 20

**1.2022-2023-окуу жылындагы мектептик компонентти тандоо жөнүндө :**

**Сүйлөгөндөр:**

ОТИ боюнча директордун орун басары Рыслаева Чинара Керезбековна
Окуу планында каралган мектептик компонент 8-класска 1 саат берилген.Ушу маселе боюнча балдардан сурамжылоо жүргүзүлүп,анкета алдык.Сиздердин пикириниздердин негизинде мектеп компоненти бекитилет.Мектеп компоненти бардык сабактардан тандалса болот.

Ата-энелер комитети Каныбек кызы Касиет
Менин оюмча математика сабагы тандалса жакшы болмок.Кийинки чоң окуу жайларына да абдан керектүү.Математика сабагынан экзамен тапшырышат.Мен ушу сабакты сиздерге сунуштайт элем.

8-класстын класс жетекчиси Иманова Бактыгул Сооронбаевна .Менин классымда 15 окуучу окуйт.Классым абдан тын,70 % жакшы окушат.Анкета жүргүзүлдү.10 окуучу математика сабагын тандады.5 окуучу география сабагын тандашты.

Урматтуу ата-энелер! Кайсы предметти тандайлы,добушка салалы.

Жогоруда каралган маселе талкууланып,чогулуш төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды:

Математика-8,география-3,кыргыз тил-4,тарых-2,физика-3,химия-1.

**Чечим:**

1.2022-2023-окуу жылында мектеп компоненти боюнча кошумча 1 саат математика сабагына берилсин, тандалсын.

Чогулуштун төрайымы: Каныбек кызы Касиет

Катчысы : Иманова Б.С.

**С.Жоошбаев атындагы Баш-Карасуу жбб орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы 5-классынын ата-энелеринин чогулушунун протоколу**

**Протокол №3**

Баш-Карасуу айылы 30.08.2022-ж.

Каралуучу маселе: Катышкандар :16

**1.2022-2023-окуу жылындагы мектептик компонентти тандоо жөнүндө :**

**Сүйлөгөндөр:**

Мектеп директору Кулматова Джаркын Канаевна

Окуу планында каралган мектептик компонент 5-класска 1 саат берилген.Ушу маселе боюнча балдардан сурамжылоо жүргүзүлүп,анкета алдык.Сиздердин пикириңиздердин негизинде мектеп компоненти бекитилет.Мектеп компоненти бардык сабактардан тандалса болот.Урматтуу ата-энелер баарыңыздардын оюңуздарды угуп,бир чечимге келели.

Ата-энелер комитети Жекшеналиева Айнура Туйгунбековна
Балдар математика сабагынан аксайт,менин оюмча математика сабагы тандалса жакшы болмок.Балдардын ой-жүгүртүүсүн,аң-сезимин көтөрүү үчүн математика сабагы керек.Мен ушу сабакты сиздерге сунуштайт элем.

5-класстын класс жетекчиси Жунушбекова Бурулсун Рашбековна .Менин классымда 13 окуучу окуйт.Мен өзүм математика сабагынан берип,балдарга саат аз болгонун билем 5-класс башталгыч класстан келип аябай кыйналышат.Анткени программа оорлоп баштайт.математика сабагына 1 саат кошуп берүүнүздөрдү суранат элем.Анкета жүргүзүлдү.7 окуучу математика сабагын тандады.3 окуучу география,3 окуучу тарых сабагын тандашты.

Урматтуу ата-энелер! Кайсы предметти тандайлы,добушка салалы.

Ата-энелер тарабынан каралган маселе талкууланып,чогулуш төмөндөгүдөй чечим кабыл алды:

Математика-6,география-2,тарых-2 ,кыргыз тил-3
Көпчүлүк добушу математика сабагына басым берилди.

**Чечим:**

1.2022-2023-окуу жылында мектеп компоненти боюнча кошумча 1 саат математика сабагына берилсин, тандалсын.

Чогулуштун төрайымы: Жекшеналиева А.Т
Катчысы: Жунушбекова Б.Р.

**С.Жоошбаев атындагы Баш-Карасуу жбб орто мектеби**

**«Тилчилер» усулдук бирикмесинин 28.08.2022-жылдын №1 отурумунун көчүрмөсү**

Катышкандар: 3

Мейманбекова А.С.-усулдук бирикменин жетекчиси

Наматова Д.Т.- чет тил мугалими

Кулматова Дж.К.- орус тил мугалими

3-маселе боюнча : 2022-2023-окуу жылында кыргыз тили боюнча колдонулуучу окуу-методикалык адабияттарды бекитүү каралды.Бул маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Мейманбекова А.С.,Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги сунуштаган ар бир класстын окуу китеби жана методикалык адабияттары менен тааныштырды,мектепте окуучулар аз болгонуна байланыштуу окуу китептери кыргыз тили боюнча жетиштүү экендиги белгиленди.Ар бир класс-комплект боюнча окуу китептерин карап чыгып,усулдук бирикменин отуруму

**Чечим кылат :**

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги 2022-2023-окуу жылы үчүн сунуштаган окуу китептери жана методикалык адабияттарына туура келген, мектепте учурда бар болгон окуу китептери жана методикалык адабияттар колдонулсун.

Усулдук бирикменин жетекчиси: ____________ Мейманбекова А.С.

____________ Наматова Д.Т.

____________ Кулматова Дж.К.

## С.Жоошбаев атындагы Баш-Карасуу жбб орто мектебинин

## усулдук кеңештин протоколу

## Протокол №4

01.09.2022-жыл.

Баш-Карасуу айылы

Катышкандар:15

Каралуучу маселе:

**Электрондук материалдарды колдонуу жөнүндө:**

Сүйлөгөндөр:

«Тилчилер» усулдук бирикменин башчысы : Мейманбекова А.С.

Интернет айдыңындагы ар түрдүү материалдарды ар бир предметтик мугалим өзүнүн сабагына ылайыктап,сабак берүүнүн талаптарына туура келгидей кылып,мөөнөтүн туура камтып,электрондук материалдарды даярдоо колго алынсын.

«Так илимдер» бирикменин башчысы: Иманова Б.С.

Бир эле сабак болбостон,электрондук материалдарды топтоо иши да жүргүзүлсүн. Календарлык планга ылайыктап,сабак учурунда колдонуу туура келет.

**Чечим:**

Окуу программаларын ишке ашырууда предметтер боюнча электрондук материалдар чогултулсун.

Электрондук сабактардын жыйындысы тузулсун.

Көзөмөлдөө усулдук бирикмелердин башчыларына бекитилсин.

Чогулуштун төрайымы : Рыспаева Ч.К.

Катчысы: Кебекчиева М.К.